السنّة النبوية وعلومها
www.sunnah.global

# Бейиш тургундары бейишке киргенден кийин Улуу Аллах Таала: "Дагы бир нерсени каалайсыңарбы, кошумча кылып берейин?"

Сухайб (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Бейиш тургундары бейишке киргенден кийин Улуу Аллах Таала: "Дагы бир нерсени каалайсыңарбы, кошумча кылып берейин?" - дейт. Бейиш ээлери: "Сен биздин жүзүбүздү агартпадыңбы? Бейишке киргизбедиңби? Тозоктон куткарбадыңбы?" - дешет. Ошондо Аллах Таала көшөгөнү ачат, аларга Раббисинин жамалын көрүүдөн артык сүйүктүү нерсе берилген эмес эле".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бейиш тургундары бейишке киргенден кийин Аллах Таала аларга минтип айтарын кабарлайт: Силерге дагы бир нерсени кошумча кылып берүүмдү каалайсыңарбы? Бейиш тургундарынын баары: Биздин жүзүбүздү ак кылбадыңбы, бейишке киргизбедиңби, тозоктон куткарбадыңбы? дешет. Аллах Таала тосмону алып өйдө көтөрөт: анын тосмосу нур, аларга Раббисинин жамалын көрүүдөн өткөн жакшы нерсе берилген эмес.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/8344

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee